**Капалбаев Октябрь Эркиновичтин 07.00.07 – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча "Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" деген темадагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясына расмий оппонент – тарых илимдеринин доктору, профессор Мокеев Анварбек Мокеевичтин**

# ПИКИРИ

## 1. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу

XXI кылым ааламдашуунун жана илимий-техникалык өнүгүүнүн түрдүү багыттары менен башталып, ар бир эл же өлкө өзүнүн тарыхына кайрадан кайрылып, унутта калган же болбосо бул мезгилге чейин каралбай келе жаткан маселелерине көңүл буруп, ар тармактуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө кенен мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Кыргыз эли ондогон кылымдар бою көчмөн жана жарым көчмөн жашоо образын башынан кечирип, кол өнөрчүлүгү жыгач, сөөк, тери, жүн жана темир өндүрүүгө байланыштуу бир калыпта өнүгүп келген. Жогорку аталгандардын ичинен салыштырмалуу түрдө кайсыл бир өнөрдүн же кесиптин түрүн алдыңкы орунга чыгарса болот. Бирок биз көчмөнчүлүк дегенде эле ага багыт алган, ага ылайыкташкан кошумча кесиптерди эске албашыбыз зарыл. Анткени кандай отурукташкан жана көчмөн эл болбосун негизги саналган кол өнөрчүлүктүн бардык түрүн ала жүргөн. Мал чарбачылыкка керектүү деген буюм-тайымдар, курал-жарактар жергиликтүү усталардын эле колунан жаралган. Ошондой болсо дагы көпчүлүк изилдөөлөр көрсөтүп келгендей, көчмөн маданиятында жүн, тери жана жыгач иштетүү кол өнөрчүлүктөрү артыкчылыктуу орундарга чыккан.

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башына чейин кыргыздар колдонгон буюмдарын, аларды жасоодогу ыкмаларын дээрлик өзгөртүүгө ашыгышкан эмес. Ошондуктан аларга таандык деп эсептелген буюмдары, кийим-кечектери жана идиш аяктары баштапкы абалында сакталган. Тилекке каршы, мына ошол алгачкы кол өнөрчүлүктүн негизги белгилери учурунда дыкат жана терең изилдөөлөргө алынбай, маалымат иретинде берилип, үстүртөн гана белгиленип келген. Башкача айтканда, бул мезгилге чейин кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү комплекстүү изилдөөгө алына элек эле. Ушул ырааттуулук менен талдоого алганда, бизге сунушталып жаткан теманын актуалдуулугу эч кандай шек саноону жаратпайт. Анткени кыргыз элинин тери иштетүү кол өнөрчүлүгү практикалык жактан гана маанилүү болбостон, алардын дүйнө таанымын, искусство жана маданият таанууларын түшүндүргөн каражатка да ээ экендиги белгилүү. Албетте, бул изилдөөгө коюлган милдеттерге байланыштуу болот.

Диссертациянын темасын актуалдуу кылган маселелердин дагы бири изилдөөлөр көбүнесе изденүүчүнүн талаа материалдары менен ынанымдуу баяндалып, сүрөттөрү

менен коштолгонунда. Жогоруда белгиленгендей, тарыхый жана этнографиялык эмгектерге түшпөй калган маалыматтар эл арасынан чогултулуп, жаңы табылгалар менен кошумчаланып, кыргыз этнология илиминин айрым барактары толуктанган.

## 2. Диссертациялык талаптардын алкагындагы илимий жыйынтыктар

Иште этнология илимин өнүктүрүү үчүн өзгөчө маанилүү деп эсептелген төмөнкүдөй жаңы илимий теориялык корутундулар жана жыйынтыктар сунушталган:

**1-жыйынтык.** Изденүүчү тарабынан теманын актуалдуулугу далилдүү берилген. Изилдөөнүн максаты жана милдеттери туура коюлган. Кыргыз элинин салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн тарыхый-этнографиялык жана археологиялык жактан гана изилдөө эмес, тилдик, фольклордук, маданият таануучулук, искусство таануучулук, философиялык өңүттөн кароо дагы актуалдуу маселелерден экендиги талашсыз (Киришүү).

**2-жыйынтык.** Тарыхый булактарга, ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын илимий эмгектерине талдоо жүргүзүү аркылуу аталган маселе боюнча тийиштүү иштер жүрбөгөндүгү изденүүчү тарабынан белгиленген. Диссертант тарабынан тандалып алынган изилдөөнүн методологиясы жана түрдүү булактарды пайдалануусу кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүшүн, өзгөчөлүктөрүн, жалпылыктарын жана айырмачылыктарын талдоого жардам берген (I Бап, 1.1 – 1.3 параграф; II Бап, 1-2-параграф).

**3-жыйынтык.** Кыргыздардын салттык маданияты, анын ичинде тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн пайда болушу жана өнүгүшү тууралуу теориялык иштер дээрлик жүргүзүлгөн эмес. Салттык кол өнөрчүлүк эмпирикалык маалыматтар менен гана толукталып, сүрөттөөлөр жана салыштырма-окшоштуруу талдоолор менен чектелип, изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, ыкмалары каралбай келген (II Бап, 2.1 – 2.2-параграф).

**4-жыйынтык.** Салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү массалык колдонуудан чыгып калгандыгына байланыштуу көптөгөн буюмдар, курал-жарактар, идиш-аяктар, кийим-кечектер, алардын бөлүктөрүнүн аталыштары дээрлик колдонуудан чыгып, унутулуп калган. Ал эми колдонууда жүргөн сөздөр баштапкы маанилерин жоготуп, башка түшүндүрмөлөрдү билдире баштаган. Аларды кайра түшүнүү үчүн этнолингвистикалык, семиотикалык талдоолор жүргүзүлгөн (III Бап, 3.1 – 3.2-параграф).

**5-жыйынтык.** Кыргыздардын салттуу буюмдары, кийимдери, идиштери жана курал-жарактары тарыхый-этнографиялык эмгектерден гана алынып, эпикалык

чыгармалардагы маалыматтар илимий айлампаларга алынбай келген. Аталган чыгармалардан көптөгөн керектүү маалыматтар табылган (IV Бап, 4.1 – 4.5-параграф).

**6-жыйынтык.** Кыргыз элинин аң же кун терилеринен жасалган салттуу баш кийими – тебетей практикалык мааниге эле ээ болбостон, биринчиден, социалдык мааниге ээ болсо, экинчиден, көчмөндөрдүн аскердик даражасын туюнткан белгиге айланган. XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып, чен тондор аскердик даражаны түшүндүрө баштаган. Жогоруда көрсөтүлгөн белгилер көчмөн элдердин согуштук тактикаларынын элементи катары белгилүү болгон (IV Бап, 4.1. – 4.2-параграф).

**7-жыйынтык.** XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында келген саякатчы-изилдөөчүлөр, аскер кызматкерлери кыргыздардын кийимдерин, айрыкча бут кийимдерин, аларды жасоодо колдонгон ыкмаларын үстүртөн карап, билдирүү иретинде гана маалыматтарды калтырышкан. Алардын берген маалыматтары боюнча, алгачкы жамааттагы ыкмаларды колдонуп, бут кийимдин эң жөнөкөй түрү чарык, чокой өңдүүлөрдү гана жасашкандыгын белгилешет. Эпикалык чыгармалар аркылуу бут кийимдердин 22 түрү аныкталган (IV Бап, 4.5-параграф).

**8-жыйынтык.** Кыргыз элинин дүйнө таанымында ар бир жасалган буюмга тийиштүү деңгээлде көңүл бурулган. Аларды өздөрүнүн жашоолоруна ырым-жырымдар, үрп-адаттар, каада-салттар аркылуу киргизип, түрдүү жөрөлгөлөр аткарылган. Өзгөчө, кун терилеринен жасалган сырт кийимдер, аларды кийүү, колдонуу эрежелери катуу сакталган (IV Бап, 4.1 – 4.5-параграф).

**9-жыйынтык.** Көчмөн маданияттын негизги атрибуттарына кирген ат жабдыктар, шири идиштер жана саят куштарын кармоочу курал-жарактар кол өнөрчүлүктүн жогорку деңгээлдерин көрсөткөн. Аталган буюмдар көркөм-кооздук буюмдарына гана айланбастан, ыйыктык (сакралдык) маанисине чейин жеткен. Ал үчүн булгаарыга кошумча каражаттарды кошуп жасоо адаттарына жетишишкен (V Бап, 5.1 – 5.3-параграф).

**10-жыйынтык.** Кыргыз кол өнөрчүлүгүнөн жаралган буюмдардын басымдуу бөлүгү жөнөкөй түрдө жасалган. Бирок ошол эле учурда көнчүлөрдүн (тери кармаган усталар) колунан жаралган буюмдар азем буюмдарына кирип, өтө жогору бааланган. Тасма, көктөрдү өрүмгө айландырып, булгаарыларды түрдүү түскө салып, шири буюмдарына түрдүү оюуларды түшүрүшкөн. Кыргыздардын салттуу кол өнөрчүлүгүндө, А.Н. Бернштамдын белгилөөсү боюнча оймонун 3500 үлгүсү колдонулган (VI Бап, 6.1 – 6.3-параграф).

**3. Ар бир жыйынтыктын негиздүүлүгү жана аныктыгы**

**1-жыйынтык.** Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн маани жана маңызы тийиштүү деңгээлде негизделген.

**2-жыйынтык.** Диссертациялык ишти кароодо тарыхый булактар жана илимий эмгектер жетиштүү түрдө каралган. Адабияттардын тизмесинде алар маанисине жараша туура бөлүштүрүлгөн.

**3-жыйынтык.** Кыргыздардын салттык маданиятын, көчмөн маданиятты, анын тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн түшүнүү үчүн илимий-теориялык талдоолор, изилдөөнүн ыкмалары ишенимдүү берилген.

**4-жыйынтык.** Салттуу буюмдарды, алардын аткаруу кызматтарын тактоо жана бекемдөө үчүн этнолинвистикалык, семиотикалык ыкмалар жакшы жыйынтык берген.

**5-жыйынтык.** Изилдөөнүн жыйынтыктары менен көптөгөн салттык буюмдар калыбына келтирилип, илимий айлампага алуу сунушталган.

**6-жыйынтык.** Баш кийимдердин социалдык абалды жана аскердик даражаларды туюндурганы эпостук чыгармалар менен ынанымдуу аныктоого алынган.

**7-жыйынтык.** Кыргыздардын жашоо-турмушунда бут кийимдердин жөнөкөй, копол түрүнөн баштап, аземдүү жана салтанаттуу тигилген өтүктөрү, алардын бир нече түрү бар экендиги эпикалык чыгармалардагы маалыматтар жана респонденттердин билдирүүлөрү менен тастыкталган.

**8-жыйынтык.** Салттык тери буюмдары көчмөн элдердин маданиятында өзгөчө жөрөлгөлөр менен коштолгондугу автор тарабынан далилденген.

**9-жыйынтык.** Кол өнөрчүлүктүн жогорку деңгээлдери ат жабдыктарда, мүнүшкөрлөрдүн курал-жарактарында сакталып калгандыгын музейлик экспонаттар аркылуу дагы тастыкталган.

**10-жыйынтык.** Кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн жогорку деңгээлге чыккандыгын, тарыхый эмгектер жана талаа материалдарынын маалыматтары менен ишенимдүү далилдөөгө алынган.

**4. И**

**зденүүчүнүн ар бир жыйынтыгын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундуларынын жаңылыгынын деңгээли**

Иштин жаңылыгы, аталган тема боюнча атайын илимий изилдөөлөр жүргөн эмес. Изилдөөнүн объектиси жана предмети катары бул мезгилге чейин комплекстүү иликтөө кылынбаган темага арналган. Изденүүчү илимий маселелерди чечүү үчүн ишенимдүү жана натыйжалуу талдоолордун негизинде жаңы илимий жыйынтыктарды сунуштаган:

**1-жыйынтык.** Жаңы, изилдөөлөр толук кандуу жүрүшү үчүн ар тараптуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Мурунку изилдөөлөрдө айрым тармактар боюнча көңүл бурулган эмес.

**2-жыйынтык.** Жаңы табылгалар кирген. Бирок бул мезгилге чейин эле илимдин башка тармактарында (филология, педагогика, философия ж.б.) лингвистикалык талдоолор жүргүзүлүп келген.

**3-жыйынтык.** Жаңы, тарыхый эмгектерде кездешпеген буюмдар, курал-жарактар жана идиш-аяктар эпикалык чыгармалар жана автордун талаа материалдар аркылуу далилденген.

**4-жыйынтык.** Жаңы, кыргыздардын салттык баш кийими – тебетей биринчи жолу аскердик чин катары каралып жатат.

**5-жыйынтык.** Жаңы, тарыхый-этнографиялык эмгектерде бут кийимдер тууралуу аз маалымат берилген. Иштин жыйынтыгы көрсөткөндөй, бут кийимдердин 24 түрү изилдөөгө алынган.

**6-жыйынтык.** Айрым маалыматтары жаңы, Кыргызстандын аймагында жашаган жаныбарлар, аларга аңчылык кылуу, терилеринин наркы, аң терилеринен жасалган кийимдердин түрлөрү тууралуу маалыматтар башка эмгектерде кездешет.

**7-жыйынтык.** Айрым маалыматтары жаңы, кыргыз элинин аң терилерине карата жасаган ырым-жырымдары, каада-салттары жана дүйнө таанымдары тууралуу изилдөөлөр башка илим тармактарында жүргүзүлгөн.

**8-жыйынтык.** Жаңы, кыргыздардын салттык тери буюмдарына түшүрүлгөн көркөм-кооздуктар, оюулар тууралуу талдоолорду жүргүзгөн.

## 5. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо

Капалбаев Октябрь Эркиновичтин **"Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)"** деп аталган диссертациясынын жыйынтыктары кыргыз этнология илими үчүн актуалдуу деп саналган маселелерге: чет элдик окумуштуу-саякатчыларынын, аскер кызматкерлеринин, чыгыш таануучуларынын кыргыз элинин териден жасалган буюмдары тууралуу берген билдирүүлөрүнүн жана маалыматтарына, териден жасалган буюмдарына, аларды жасоо ыкмаларына, XIX кылымдын аягы – XX кылымда Кыргызстандын аймагында жашаган жаныбарларга, аларга аңчылык кылууга, терилеринин наркына, аң терилерине карата жасаган ырым-жырымдарына, каада-салттарына, көркөм баалуулуктарына арналып

жалпы логикага туура келген жана этностордун маданиятынын өнүгүүсүнө байланыштуу теориялар менен тыгыз байланыштырылган. Алынган жыйынтыктар бири бири менен байланыштуу болуп, практикалык сунуштар теориялык жактан тастыкталган.

Диссертация бир катар жаңы илимий жыйынтыктарга ээ. Автордун этнология илиминин өнүгүүсүнө кошкон жеке салымы тууралуу кабар берип, иштин ички биримдигин тастыктап турат.

**6. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси**

Изилдөөнүн илимий-теориялык жыйынтыктары кыргыз элинин салттык көчмөн маданияты, кол өнөрчүлүгү боюнча тарыхый адабияттардын тизмесин толуктап, кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн жогорку деңгээлде өнүккөндүгү тууралуу маалыматтарды берип, түшүнүктөрүн кеңейтет. Диссертациялык иштин материалдары менен негизги жоболору коомдук илимдер тармагындагы жалпылоочу эмгектерди даярдоодо, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн.

Изилдөө аркылуу калыбына келтирилген улуттук тери буюмдарды жана кийимдерди азыркы мезгилдин талаптарына ылайык стилдештирилип, өндүрүшкө киргизүүгө болот.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарыяланышынын тастыкталышы**

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын айрым жоболору эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана конгресстерде баяндалган. Аларга төмөнкүлөр кирген: “Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)” Кыргызстан жана Борбордук Азия – баарлашуунун мейкиндиги: Этностор аралык мамилелерди бекемдөөнүн өтмүшү, учуру жана келечеги. Кыргызстандын этнологдорунун жана антропологдорунун II конгресси (Бишкек, 2015); “Система «устат-шакирт» традиционный способ хранения и передачи знания (на примере тюркской культуры)” (Киев, 2015); “Кыргызское традиционное ремесло по выделке кожи (конец XIX – начало XX века)” (Казань, 2016); “Эпос «Манас» и кожевенное ремесло кыргызов” (Москва, 2016); “Кыргызские методы выделки кожи (конец XIX – начало XX вв.)” (Seoul, 2016); “Кыргыздардын салттуу шымдары: чалбар, жаргак” Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университетиндеги Эл аралык

илимий-практикалык конференциясы (Бишкек, 2017); “Кандагай – прошедший сквозь века” проф. А.Т. Калдыбаеванын 60 жылдык маарекесине карата «Заманбап педагогикалык билим берүүнүн жана илимдин теориялык, методологиялык көйгөйлөрү» Эл аралык илимий-практикалык конференциясы (Бишкек, 2018); “Саят куштарын кармоодогу курал-жарактар” И. Арабаев атындагы КМУнун республикалык илимий-практикалык конференциясы (Бишкек, 2018).

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын максаты жана милдеттерине авторефераттын тексттинде чагылдырылган материалдар толугу менен жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмундук жагынан окшош (идентивдүү) резюмелер менен жабдылган.

**9. Мүчүлүштүктөр жана сунуштар**

Илимий изилдөөнүн оң жактары жана артыкчылыктары менен бирге эле айрым мүчүлүштүктөр дагы кетирилген. Алар боюнча төмөнкүлөрдү келтиребиз:

1. Кыргыз этнология илими башка илимдерге салыштырмалуу жаңыдан өнүгүп келе жаткандыгына байланыштуубу же изденүүчүлөрдүн койгон максат, милдеттеринин чектелишине каратабы этнологиялык изилдөө иштеринде теориялык жана методологиялык негиздерине көп көңүл бурулбай келе жатат. Изденүүчүлөр ушул боштукту толтуруу үчүн айрыкча, батыш окумуштууларынын аныктамаларына, далилдөөлөрүнө жана алардын сунуштарына артыкчылыктуу орундарды берип, аларды байма-бай илимий айлампага алып жүрүшөт. Албетте, аталган мүчүлүштүк бул эле диссертацияга эмес, бардык изилдөөлөргө тиешелүү. Анткени окумуштуулардын бардык теорияларын эске алуу мүмкүн эмес. Мындан улам, көптөгөн башка илимий теориялар, аныктамалар көз жаздымда калып жатат.

2. Диссертациялык иштин III бабында “Манас” эпосундагы тери иштетүү кол өнөрчүлүгү” деп өзүнчө бөлбөй эле, аны тиешелүү бап жана параграфтарда колдонсо деле болмок. Анткени тери буюмдарына арналган параграфтарда “Манас” эпосундагы сүрөттөөлөр кайра колдонулган.

3. Изденүүчүнүн талаа материалдары өтө бай жана жетиштүү деңгээлде берилген. Бирок негедир изденүүчү кайсыл бир буюмду же идиш-аяктарды талдоодо респонденттердин берген маалыматтарын азыраак келтиргендей пикир калтырды. Мүмкүн болушунча, респонденттердин маалыматтарын, ошону менен бирге

респонденттин өздөрү тууралуу дагы кыскача резюме бере кетсе иштин баалуулугун арттырмак.

4. Кыргыздардын салттык буюмдарын изилдөөгө алууда жана аларды салыштырмалуу талдоодо тектеш элдердин салтуу буюмдарына көбүрөөк көңүл бурулуп калган (III, IV баптар). Биздин оюбуз боюнча изилдөөнүн объектиси жана предмети болгон кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү басымдуу болушу керек эле.

Жогоруда белгиленген мүчүлүштүктөр жогорку илимий деңгээлде жазылган диссертациялык иштин баалуулугун төмөндөтпөйт.

## 10. Диссертациянын илимий даражаларды берүү эрежелеринин талаптарына ылайык келиши

Капалбаев Октябрь Эркиновичтин **"Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)"** аттуу темадагы 07.00.07 – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы жогорку кесиптик деңгээлде аткарылган жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын койгон талаптарына жооп берет. Ал эми изденүүчү тарых илимдеринин доктору илимий даражасына татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**тарых илимдеринин доктору,**
**профессор** **А.М. Мокеев**

**05. 03. 2022-жыл**

КЕҢСЕ

Заверяю подпись А.М. Мокеева